● Улуттук банкта

# Улуттук банк карызгерлерди коргоого алат

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын карызгерлердин укуктарын коргоо маселелери боюнча нормативдик укуктук актылары



**Мээрим САТКЕЕВА,
КРнын Улуттук банкынын
Банктарга тышкы көзөмөл
бөлүмүнүн башкы инспектору**

Карызгерлер менен болгон акыркы мезгилдеги окуялар финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча ишмердүүлүктү активдештирүүнү шарттоодо. Финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча ишмердүүлүк азыркы учурда Кыргыз Республикасында калктын финансылык сабаттуулугу жогорулап жаткандыгы, ошентсе да, ал азырынча төмөн экендиги жана аны жогорулатуу финансы рыногунун бардык катышуучулары үчүн зарылчылык болуп саналгандыгы менен да татаалданууда.

Өлкөнүн экономикалык өнүгүшү көп жагынан анын калкынын финансылык сабаттуулугунун жалпы деңгээлинен көз каранды экенин белгилеп коюу керек. Мисалы, финансылык сабаттуулуктун төмөн деңгээли финансы кызматтарын керектөөчүлөр үчүн гана эмес, жалпысынан мамлекет, жеке сектор жана коом үчүн да терс кесепеттерге алып келет. Финансылык сабаттуулуктун жогорку деңгээли жарандардын керектөө кредиттери боюнча ашыкча жеке карыздануу тобокелчилигинин төмөндөшүнө, рыноктун ак ниет эмес катышуучулары тарабынан алдамчылык тобокелчиликтердин кыскаруусуна, финансы продуктыларын пайдалануу деңгээлинин жогорулоосуна, финансы институттарынын өнүгүшүнө жана калктын бакубаттуулугунун жогорулоосуна алып келет.

Ушуга байланыштуу, финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарынын талаптагыдай коргоо деңгээлин камсыз кылуу КРнын Улуттук банкынын олуттуу милдеттеринин бири.

Коюлган максаттарга жана милдеттерге ылайык, КРнын Улуттук банкы тарабынан финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын камсыз кылууга багытталган төмөнкүдөй иштер жүргүзүлүүдө:

**(I) маалыматтык;**
**(II) дооматтык;**
**(III) көзөмөлдүк;**
**(IV) аналитикалык.**

**Маалыматтык иш** өзүнө маалыматтык эскерткичтерди, көп берилген суроолорго жоопторду, нормативдик укуктук базаны Улуттук банктын сайтында жарыялоону жана макалаларды массалык маалымат каражаттарында жана Улуттук банктын сайтында жарыялоону камтыйт.

**Дооматтык иш** – бул юридикалык жана жеке жактардын финансы-кредиттик мекемелердин ишине арыздарын/кайрылууларын кароо.

**Көзөмөлдүк иш** – Улуттук банк юридикалык жана жеке жактардын финансы-кредиттик мекемелердин ишине арыздары жана кайрылуулары боюнча туруктуу негизде маалыматтар базасын жүргүзөт.

Бул маалымат инспектордук текшерүүлөрдө кайрадан текшерилет. Инспектордук текшерүүдө финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын бузуулар аныкталганда, финансы-кредиттик мекемелерге Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына ылайык таасир этүү чаралары колдонулат.

Ал эми **аналитикалык иш** – бул жасалган иштер жөнүндө отчетторду даярдоо (анализ жана статистика).

Жогорудагы иштерге кошумча **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы** финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча **КРнын банктык мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча дайыма иш жүргүзөт.**

**Карызгерлердин укуктарын коргоо боюнча** айтсак, карызгерлер КРнын Улуттук банкы тарабынан кабыл алынган нормативдик укуктук актылардын талаптарын билүүгө тийиш.

Келишимде келишип жатышкан тараптардын негизги шарттары, алардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги, кредиттер боюнча үстөк пайыздарды төлөө шарттары жана тартиби, келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби, анын аракеттенүү мөөнөтү, келишимдин шарттарын аткарбагандык, анын ичинде аны бир тараптуу өзгөрткөндүк үчүн айыптык санкциялар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана тараптардын келишүүсү менен каралган башка шарттар да каралууга тийиш.




Келишимде жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.

Операцияларды жүргүзүүнүн жалпы шарттары ачык маалымат болуп саналат жана коммерциялык жана банктык сыр боло албайт.

Банк менен кардардын ортосундагы келишимдерге бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча гана киргизилиши мүмкүн.

Банк кызматтары же кредиттер боюнча үстөк пайыздарга тиешелүү өзгөртүүлөр банк тарабынан массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга жана анын бардык бөлүмдөрүндө маалымат тактайчаларында жайгаштырылууга тийиш.

Келишимди аткаруу процессинде келип чыккан талаштар, эгерде алар тараптардын келишүүсү боюнча чечилбесе, соттук тартипте чечилет.

Банктар жылдык натыйжалуу үстөк пайыз ставкаларынын өлчөмүн төмөнкүлөрдө көрсөтүүгө тийиш:

1) кардарлар менен түзүлүүчү келишимдерде;

2) кардарлардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү суроо-талаптары боюнча;

3) алып жүрүүчүсүнүн түрүнө карабастан (жарнамалык буклеттер, жол боюндагы билборддор, баракчалар жана башка), анын ичинде массалык маалымат каражаттары, электрондук почта аркылуу, телефон боюнча да, кардарларга оозеки консультацияларды берүүдө да кызматтар боюнча сыйакынын өлчөмү жөнүндө маалыматты жайылтууда.

Натыйжалуу үстөк пайыздын өлчөмү жөнүндө маалымат менен катар эле банктар кардарга кредиттин (финансылоонун) негизги суммасы, үстөк пайыздар (үстөк төлөм), комиссиялык жыйымдар жана бардык башка төлөмдөр, анын ичинде эгерде кардардын мындай төлөмдөр боюнча милдеттенмеси кредиттик келишимдин/финансылоо келишиминин шарттарынан келип чыкса, үчүнчү жактардын пайдасына аракеттердеги тарифтер боюнча төлөмдөр жөнүндө маалыматты берүүгө тийиш.

Алып жүрүүчүсүнүн түрүнө карабастан (жарнамалык буклеттер, жол боюндагы билборддор, баракчалар жана башка), анын ичинде массалык маалымат каражаттары боюнча да, кардарларга оозеки консультацияларды берүүдө да, кызматтар боюнча сыйакынын өлчөмү жөнүндө маалыматты жайылтууда банктар банкка кайрылууда кардардын кредитти/финансылоону алуусу менен байланышкан чыгымдарын эске алуу менен кредиттин/финансылоонун толук наркы эсептеле тургандыгын көрсөтүүгө тийиш.

Кызматтарды берүү келишими алар үчүн банк комиссия алган, ал комиссиялардын суммалары же аларды аныктоо тартибине шилтемелер, ошондой эле үстөк пайыз ставкаларын өзгөртүү тартиби жана мөөнөттөрү көрсөтүлүү менен натыйжалуу үстөк пайыз өлчөмүнө таасир эткен кызматтардын тизмесин камтууга тийиш.

Эгерде келишим менен үстөк пайыз ставкасын өзгөртүү каралса, бул маалыматты кардарга жеткирүү ыкмасы тараптардын макулдашуусу менен аныкталат.

Кардарлар менен түзүлүүчү кызматтарды берүү келишимдеринде натыйжалуу үстөк пайыз ставкасы жана кредиттин/финансылоонун толук наркы компьютердик техника түзүлүштөрүнүн жардамы менен сандык мааниде, ошондой эле чоңдугу жана жасалгалоо стили боюнча бирдей шрифттер (курсив, жарым жоон, түсү, өлчөмү бөлүнүү) менен сыйакынын башка ставкалары менен бир пунктта басылат.

Банк кредиттик келишимдин/финансылоо келишиминин өзүндө ал тиркемеге тиешелүү шилтеме болгон учурда кредиттик келишимге/финансылоо келишимине тиркемеде кредиттин/финансылоонун толук наркынын өлчөмүн көрсөтө алат.

Кредиттик линиялар боюнча кредиттерди берүүдө жана кредиттин тиешелүү келишиминде жылдык натыйжалуу үстөк пайызды эсептөө үчүн зарыл болгон маанилер жок болгондо, банк аны келишимде болгон шарттардан улам, ошондой эле төмөнкү позицияларды эске алуу менен бул макулдашуунун алкактарында түзүлгөн ар бир келишимде көрсөтөт:

1) эгерде кредитти жабуунун белгилүү бир графиги жок болсо жана кредиттин келишиминин шарттарынан аны аныктоого болбосо, кредит ал боюнча келишим түзүлгөн учурдан бир жыл мөөнөткө берилген болуп эсептелет;

2) эгерде кредит келишиминде башка көрсөтмөлөр жок болгондо аны жабуунун бир нече мүмкүн болуучу даталары макулдашылса, кредит көрсөтүлгөн мөөнөттөрдүн эң алдыдагысында берилет жана жабылат деп болжолдонулат;

3) эгерде берилүүчү кредиттин суммасы көрсөтүлбөсө, анда кредиттин келишими аракетте болгон мөөнөткө макулдашууда көрсөтүлгөн кредиттин максималдуу суммасы камсыз кылына тургандыгы болжолдонулат;

4) эгерде кардардын төлөмдөрүнүн датасы аныкталбаса, алар кредиттин келишиминин аракети башталган учурдан жүзөгө ашырыла тургандыгы болжолдонулат.

Ошондой эле коммерциялык банктар, микрофинансы уюмдары, кредиттик союздар жана “Кредиттик союздардын финансы компаниясы” адистештирилген финансы-кредиттик мекемеси кардар – жеке жак, анын ичинде юридикалык жакты түзбөгөн жеке ишкер менен кредиттик келишимде негизги сумма жана үстөк пайыздар боюнча кечиктиргендик боюнча төлөмдүн (штрафтар, пенялар) үстөк пайызынын өлчөмүн кредит боюнча келишимде көрсөтүлгөн үстөк пайыздык ставкадан көп эмес белгилөөгө тийиш. Мында кредиттин бардык аракет мөөнөтүнө эсептелген кечиктиргендик боюнча төлөм (штрафтар, пенялар) берилген кредиттин суммасынын 20 пайызынан ашпоого тийиш.

Кошумчалай кетсек, “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө” КРнын мыйзамдарына ылайык, финансы-кредит мекемелери өз ишмердүүлүгүн аларга КРнын мыйзамдары жана башка нормативдик укуктук актылары тарабынан берилген компетенциянын чектеринде өз алдынча уюштурушат жана жүзөгө ашырышат.

Өз кезегинде КРнын Улуттук банкына КРнын банк мыйзамдарын жана КРнын Улуттук банкынын нормативдик укуктук актыларын бузуулар болбогондо, банк ишмердүүлүгү менен байланышкан маселелерди чечүүгө кандай гана формада болбосун, кийлигишүүгө тыюу салынат.

Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына да банк ишмердүүлүгү менен байланышкан маселелерди чечүүгө кандай гана формада болбосун, кийлигишүүгө тыюу салынат.

Мына ошондуктан, кредиттик келишимди аткаруу процессинде келип чыгуучу талаш-тартыштар, ал тараптардын келишүүсү боюнча чечилбесе, КРнын жарандык мыйзамдарынын алкактарында соттук тартипте чечилет.

Эгерде карызгерде кредитти жабуу боюнча кыйынчылык болсо, биринчи кезекте финансы-кредиттик уюмга түз кайрылуусу жана кредитти жабуунун шарттарын кайра кароону өтүнүүсү зарыл. Мында карызгер кредитти жаба албоосунун себептери жана качан жаба ала тургандыгы жөнүндө толук маалыматты, ошондой эле анын финансылык абалына жана төлөм жөндөмдүүлүгүнө таасир эткен тастыктоочу документтерди берүүгө тийиш.